***Жантаева Г. Г.*** *– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын администрациялык финансылык укук кафедрасынын ага окутуучусу*

**УДК 34:339,54](575.2)**

# БАЖЫ БИРИМДИГИ ЖАНА БИРДИКТУУ ЭКОНОМИКАЛЫК МЕЙКИНДИККЕ ИНТЕГРАЦИЯЛОО ЭТАБЫНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДЫК БАЗАСЫН ӨРКУНДӨТУУ

***Аннотация:*** *Макала Кыргыз Республикасынын Бажы биримдигине интеграциялоо процессине, бажы биримдигинин алкагында тарифтик эмес жөнгө салууну колдонууга арналган.*

***Аннотация:*** *Статья посвящена использованию вне тарифного регулирования в сфере таможенного единства, процессу интеграции таможенного единства Кыргызской Республики.*

***Annotation:*** *In this research article, the author examines and analyzes the problems of implementation of international standards in the application of penalties in the Kyrgyz Republic, non-insulated convict from society.*

***Ключевые слова:*** *Бажы биримдиги, интеграция процесси, бирдиктуу экономикалык мейкиндик, бажы тарифтер, демпинг.*
***Ключевые слова:*** *Таможенное единство, процесс интеграции, единное экономическое пространство, таможенные тарифы, демпинг.*
***Keywords:*** *Customs unity, the integration process, a single economic space, customs tariffs, dumping.*

Кыргызстандын Бажы биримдигине кириши. Акыркы учурларда буга байланыштуу өзгөчө жана бюрократташкан интеграциянын келечексиз экендиги жөнундө сындаган комментарийлер көп
угулууда.

Эмесе бажы биримдигинин эмне экендигине назар салып көрөлу. Бажы биримдиги мамлекеттер - катышуучулар тарабынан улуттук бажы чек араларын жоюуну таануу женунде келишимдик негизде бажы биримдигинин бирдиктуу территориясын тузуу жолу менен эки тараптуу же көп тараптуу эл аралык макулдашуулардын негизинде тузулөт.

Тарифтер жана соода боюнча Башкы макулдашуулардын жоболоруна ылайык (XXIY-б. 8-п) бажы биримдиги учунчу мамлекетке карата бир аймактык тузулуштун ордуна бирдиктуу жалпы мейкиндикти «анын ичиндеги алымдарды толук алмаштыруу менен бирдиктуу бажы тоскоолдуктарын сактоо» тузуу болуп саналат[6].

Мындай шарттарда бажы биримдигинин курамына кирген өлкөлөр бажы саясатын жүзөгө ашыруучулардын бири катары кандайдыр бир деңгээлде өзүнүн өз алдынчалыгынан ажырайт. Ошол эле учурда бажы биримдигинин ичинде үчүнчү мамлекетке карата бирдиктүү бажы-тарифтик жөнгө салуу тутуму менен жаңы мүмкүнчүлүктөргө ээ болот.
Евразиялык интеграция - бул чынында эч окшоштугу жок процесс. Кандай гана болбосун, керек болсо кичинекей демилге да убакыттын өтүшү менен сыноодон өтүшү керек. Түзүлгөн келишимдерди практикалык колдонуунун тажрыйбасы болгондо гана, макулдашуулардын кайсы аспектилери ашыкча, кайсынысы мындан ары жакындашууга керектүү экендигин реалдуу түшүнүүгө болот.

Азыркы учурда Евр АзЭСтин мыйзамдык бардык базасы - бул Бажы биримдигинин жана Бирдиктүү экономикалык мейкиндиктин ченемдик базасы. Бирдиктүү экономикалык мейкиндик, бул Евр АзЭСтин мүчөлөрүнүн - мамлекеттердин экономикалык интеграциясынын өнүгүшүнүн кезектеги бир тепкичи десек болот. Евр АзЭСтин алкагында Бажы биримдиги Бирдиктүү экономикалык мейкиндикти түзүүнүн негизи болуп калды. Бул Бажы биримдигинин бирдиктүү бажы аймагында товарлардын гана эркин жүгүртүлүшү болбостон, капиталдын, эмгек ресурстарынын да жылып турушуна түрткү болгон интеграциянын сапаттык жагынан тереңирээк формасы болуп саналат. Ошондуктан тышкы сооданы жөнгө салуунун ченемдерин бирдейлештирүү менен катар макроэкономикалык саясаттын ченемдерин, салык тутумун, антимонополиялык жана эмгек мыйзамдарын ченемдерин, миграциялык саясатты шайкеш келтирүү зарыл.

Документтерге ылайык, шайкеш келтирүүнүн максаты Бажы биримдиги жөнүндө Келишимдин алкагында жоболорду трансформациялоо аркылуу укук мамилелерин жөнгө салуунун, улуттук мыйзамдарды интеграциялоодогу башкаруу органдарынын чечимдерин, тартибин бирдейлештирүү болуп саналат.

Иш жүзүндө бул процесс бир топ этаптарды талап кылат, алар:
-талап кылынган тармактарды, чөйрөлөрдү жана ар бир тараптын мыйзамдарындагы көйгөйлүү маселелерди аныктоо;
-улуттук укук актыларына салыштырмалуу укуктук талдоо жүргүзүү, алардын түзүлгөн эл аралык келишимдерге кийин аларды шайкеш келтирүү боюнча сунуштарды даярдоого ылайыктуулугун аныктоо;
-шайкеш келтирүүгө тийиштүү улуттук ченемдик укуктук актылардын макулдашылган тизмесин аныктоо;
- тийиштүү улуттук ченемдик укуктук актыларды удаалаш (синхрондук) кабыл алуу;
-улуттук мыйзамдарды шайкеш келтирүү менен байланышкан маселелер боюнча чечимдердин жүзөгө ашырылышын контролдоо;

Мында улуттук укуктук актыларды кабыл алууда удаалаштыруу жөнүндө маселе өзгөчө маанилүү роль ойноорун белгилеп кетүү керек.
Бул боюнча методологиялык мамиле төмөнкүдөй : бирдиктүү экономикалык мейкиндикти, Евр АзЭСке мүчө болгон мамлекеттердин бирдиктүү эмгек

рыногун түзүү максатында улуттук ченемдик укуктук актыларды шайкеш келтирүү, мамилелерди макулдашуу, ошону менен бирге жалпы концепцияларды иштеп чыгуу жолу менен интеграция процессине таасир этүү керек.

Азыркы учур Кыргызстандын Бажы биримдигине кирүү процессиндеги «жол картасынын» планына ылайык шайкеш келтирүүнүн так механизмин талап кылат.

Ал төмөнкү иш-чараларды жүргүзүүдөн турат:

- түзүлгөн келишимдерге каршы келген улуттук укуктук актыларды алып таштоо;
- эл аралык келишимдерди улуттук укуктук тутумга киргизүү;
- улуттук мыйзамдардагы укуктук боштуктарды толтуруу;

Соода-экономикалык чөйрөсүндө Биримдикке мүчө өлкөлөрдүн укуктук базаларын шайкеш келтирүү процессинин өзгөчө татаал жана комплекстүүлүгү соода-экономикалык мамилелердин комплекстүү мүнөзүн күн мурун аныктайт. Соода чөйрөсүндөгү шайкеш келтирүү процесси гана мыйзамдын 17 тармагын бирдейлештирүү керек экендиги жөнөкөй эле эсептен белгилүү болот. Ушул бир эле мисалдан мыйзамдарды шайкеш келтирүү кандай татаал маселе экенин билүүгө болот.

Азыркы учурда Бажы биримдигине кирген елкелердун интеграциясынын жана Бирдиктүү экономикалык мейкиндикти (БЭМ) түзүүнүн кийинки этабы белгиленип жатат. Буга соода-экономикалык кызматташууну енуктуруунун **обьективдүү** себептери түрткү болууда.

Бүт бардык улуттук кызыкчылыктарды, тарап-тардын теңчилигин, өз ара пайдасын эсепке алганда да, жетишилген макулдашууларга каршы келген улуттук укуктук актыларды бир тараптуу тартипте кабыл алуу мүмкүн эместигин бекемдейт. Бирдиктүү экономикалык процессти түзүү боюнча укуктук актыларды, ошондой эле практикалык аракеттерди иштеп чыгууда пайда болгон тараптардын ортосундагы пикир келишпестиктерди чечүү боюнча процесстик тартип иштелип чыккан.

Ушул жерден «Бир тараптуу тарифтик эмес чараларды пайдалануу мүмкүнбү?» деген маселеге толугураак токтолуп кеткиm келет.

Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан мыйзамдарында тарифтик эмес жөнгө салууну бажылык-тарифтик жөнгө салуу түшүнүгү аркылуу аныктооого мамиле пайдаланылып жүрөт, ал:тарифтик эмес чаралар бул тышкы соода ишинде бажылык-тарифтик чараларга тиешеси жок, мамлекеттик жөнгө салуу чарасы, башкача айтканда ташып кирүү же ташып чыгаруу алымы болуп саналат. Бул учурда демпингге каршы чаралар соода саясатынын тарифтик эмес чараларынын бири болуп калат, бул өз кезегинде Кыргыз Республикасынын «Тышкы соода ишин мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө» мыйзамында чагылдырылган, мында бир катар тарифтик эмес чаралар киргизилген, мыйзам чыгаруучу атайын коргоо чараларын, демпингге каршы жана компенсациялык чараларды киргизген.

Кыргыз Республикасынын экономикалык кызыкчылыктарын коргоо максатында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык товарларга

алымдардын өзгөчө туру убактылуу колдонулушу мумкун (Кыргыз Республикасынын «Бажы тарифи жөнундө» мыйзамынын 10-беренеси [3].

Тышкы соода ишинде демпингге каршы алымдарды колдонуу баарыдан мурда, демпинг импортуна каршы курөшуугө багытталган. Демпингдик тышкы соода жеткирип беруулөргө легалдуу каршылык көрсөтуу болуп бекитилген тартиптеги демпингге каршы каршы чаралар саналат, анын бир туру катары демпингге каршы алымды алууга болот. «Демпингге каршы коргонуу чаралары» тушунугу кеңири алганда «демпингге каршы алым» дегенди билдирет. Демпингге каршы коргонуу чаралары өз ичине демпингге каршы алдын ала алымдарды, демпингге каршы алымдарды, экспорттоочу тарабынан кабыл алынган баа милдеттенмелерин камтыйт[5].

Өзгөчө белгиси боюнча бажы алымдарын демпингге каршы, компенсациялык, мезгилдуу жана жазалоо туру деп бөлуугө болот. Демпингге каршы алымдар өлкөнун аймагына товарларды ташып кируудө экспорттогон өлкөдөгу кадимки баадан төмөнку баада болгон учурларда колдонулат. Эгерде мындай импорт ата мекендик өндуруучулөрге зыян алып келсе же материалдык зыян алып келуу коркунучу болсо, андай товарларды өндурууну уюштурууга же кеңейтуугө каршылык көрсөтулөт. Компенсациялык алымдар ошол импорттук товарларга карата бекитилет, мындайча айтканда өндуруудө туз же кыйыр турундө субсидиялар колдонулса, ал эми алардын импорту ата мекендик өндурушчулөргө зыян же материалдык зыян алып келуу коркунучу болсо, андай товарларды өндурууну уюштурууга же кеңейтуугө каршылык көрсөтулөт. Жазалоо алымдары бир топ сейрек алар өлкөдөн чыккан товарларга тиешелуу, басмырлаган, бейдостук актыларды колдонгон өлкөлөргө карата гана колдонулат.

Атайын, компенсациялык жана демпингге каршы алымдарды киргизуу бажылык алымдарды белгилөөден айырмаланган жол-жоболору аркылуу белгилуу бир шарттарды колдонуу алдында өтөт.

Мисалы Евр АзЭСтин Бажы биримдигинде атайын, демпингге каршы же компенсациялык алымдар товарлардын импорту олуттуу зыян (материалдык) же улуттук экономика тармактарына олуттуу зыян (материалдык) же атайын жургузулгөн изилдөөлөрден кийин гана (Бажы биримдигине катышуучу- мамлекеттердин соода ишинде атайын коргоочу, демпингге каршы жана компенсациялык чараларды колдонуу механизми жөнундө протокол 3-берене)

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:

1. Кыргыз Республикасынын Бажы кодек-си 2004-жыл 12-июль №87 «Эркин Тоо» гезити 2004-жыл №56-59

2. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын тышкы соода ишин мамлекеттик жөнгө салуу жөнундө» мыйзамы 1997-жыл 2-июль «Эркин Тоо» гезити 1997-жыл №52-53

3. Кыргыз Республикасынын «Бажы тарифи жөнүндө» мыйзамы 2006-жыл 29-март №81 «Эркин Тоо» гезити 2006-жыл 7-апрель №25
4. Кыргыз Республикасынын «Коргоо чаралары жөнүндө» мыйзамы 1998-жыл 31-октябрь №141
5. Кыргыз Республикасынын «Демпингге каршылык жөнүндө» мыйзамы 1998-жыл 31-октябрь №139
6. Покровская В.В. Таможеное дело: бакалаврлар учун окуу китеби. М. Юрайт; ИД Юрайт , 2012. 36-б.